**№ 02-034-2024-001901-01-001-001250**

# ТОКТОМ/ПОСТАНОВЛЕНИЕ

## кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү / об отказе в возбуждении уголовного дела

Нариман айылы 26.04.2024 -ж./г.

Кара-Суу РИИБдин Тергөө кызматынын улук тергөөчүсү, милициянын улук лейтенанты Э.Асилбеков, 02-034-2024-001901 сандуу тергөөгө чейинки текшерүү материалын карап чыгып,

Документ подготовлен в АИС «ЕРП»

## АНЫКТАДЫМ/УСТАНОВИЛ:

Билдирме менен Кара-Суу РИИБнүн ЭММКАКнын башчысы милициянын майору Э.Ашимов билдирме менен кайрылып, анда Социалдык тармактага мониторнг жүргүзгөн учурда "Воцап группаларда" Кара-Суу №9 бир мандаттуу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын ЖКне өз талапкерлигин койгон Кубанычбеков Илимбек добуштарды сатып алуу максатында шайлоочуларга кафе чайханаларда сый тамак аштарды уюштуруп өздөрүнү шайлап коюуну айтып жаткандыктары жана ар бир шайлоочуга 3000 сомдон "М-банк" мобилдик тиркемеси аркылуу салып жаткандыктары айтылып жазылып жаткандыктары билдирип, 2024-жылдын 28-апрелине белгиенген Кыргыз Республикасынын ЖКне шайлоону таза өткөрүү жана өлкө жетекчилигин талаптарын кыйшайуусуз аткаруу максатында, аталаган маалыматтарды чын төгүнүн текшерип, ыкчам аракеттерди жүргүзүү менен биргеликте юридикалык баа берүү үчүн, Кара-Суу РИИБнын МЭЖна каттоого уруксат берүүнү суранган.
Аталган маалымат, 2024-жылдын 25-апрель күнү Кара-Суу РИИБдин МЭЖна 03-034-2024-001901 саны менен катталып,текшерүү иштери башталган.
Текшерүү иштерин жүрүшүндө жогорудагы окуя боюнча, Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагынын Тельман айылында орун алган “Райкан” чайханасынын администратору Суюн кызы Зарина тергөө кызматына камсыз кылынып ал өзүнүн берген көрсөтмөсүндө 2023-жылдын сентябрь айынан тарта аталган чайхананы иштетип келе жатканын ал эми 2024-жылдын апрель айынын башында, чайханага Тельман айылынын жашоочусу, айылдашы Алмаз аттуу атуул келип, чайхананын банкет өткөрүүчү залын бизге ижарага бер биз ал жерге Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешине бир мандаттуу талапкер катары бара жаткан И.Кубанычбековдун штабын ачалы деп суранып, андан сон келишимдин негизинде, чайхананын залын штаб катары колдоно башташкан. Андан кийин 2024-жылдын 11-апрель күнү болжол менен саат 12:00 чамасында, күндөкүдөй эле иш ордунда жүргөн убакта чайханага бейтааныш болгон 55-60 жаштагы кыргыз улутундагы киши келип, кечкиге 3 килограмм аш заказ берип, чайхананын болмолорун карап 30 киши батуучу бөлмөгө отураарын айтып кеткен. Ошону менен кечинде саат 19:00 чамасында, 3 килограмм аш заказ берген кардарлар келип башташкан, алар толугу менен саат 20:00 чамасында чогулуп, алардын саны болжол менен 20 адамга жакын болгон, андан кийин мен өзүмдүн иштеримди кылып жүрүп, 3 килограмм аш заказ берген адамдардын ашы салынган убакта мен аларга ашын ишчилерим менен бирге салышып койгонмун, ошону менен алар болжол менен саат 22:00 чамасына чейин отуруп кетишкен, аларга коюлган аш жана салаттын акчасы баары болуп 7500 сом болгон. Андан кийин аштын акчасын мага түштө келип заказ берип кеткен киши

өзү төлөп кеткен.
Ал эми Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешине бир мандаттуу талапкер катары бара жаткан И.Кубанычбеков авганецтер отурган бөлмөгө киргендигин көргөн эмесмин бирок чайхананын подвалынан чыгып келе жатканын бир жолу көргөнмүн, бирок так кайсыл бөлмөгө киргендиги боюнча кабарым жок деп билдирген.
Ошондой эле окуя боюнча, күбө катары Кадыров Талайбек Акимович суралып ал өзүнүн берген көрсөтмөсүнө ылайык, 1986-жылдан 1988-жылга чейин Авганистан Республикасынын Баграм облусунда кызмат отогондүгүн. Ал эми азыркы учурда Кара-Суу районунун аймагында жашаган Авганистан Республикасында кызмат өтөгөн, авган согушунун ардагерлери менен бирге ар ай сайын ар кайсыл чайханаларда чогулуп келебиз, Авганистан Республикасынан Советтер союзунун армиясы чыкканына 35-жыл болгон күн 2024-жылдын 15-февралына туура келип биз ал күнү майрамдаганбыз, ошону менен орозо кирип келип, ардагерлер менен чогула албай жүрүп, 11-апрель күнү орозо айы чыгаары менен 35-жылдык юбилейден ашкан акча каражатын алып, Кара-Суу районунун Сарай айыл аймагынын Тельман айылында орун алган “Райкан” чайханасында чогулуп отурабыз деп сүйлөшүп, аталган чайханага 3 килограмм аш айтканмын, ал эми “Райкан” чайканасынын экинчи кабатында Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешине бир мандаттуу талапкер катары бара жаткан биздин айылдан жашоочусу, И.Кубанычбековдун штабы бар экендигин коруп ал өзү дагын ошол убакта штабта жүргөнүн көрүп мен ардагерлерден ага бата алып берүү максатында, аны биз отурган бөлмөгө чыкырган болчумун, ошол учурда И.Кубанычбеков өзүнүн кыскача программасын айтып өткөн андан сон ардагерлерден бата алып чыгып кеткен болчу, ошону менен биз ал жактан тарап кеткенбиз, ал жерде И.Кубанычбеков бизге эч кандай сый тамак берген эмес болгону мен аны биздин айлдын баласы болгондуктан чайханадан көрүп калып ага бата алып берүү үчүн чыкырган элем деп билдирген.
Ал эми күбө А.Ахмаджанов өзүнүн көрсөтмөсүндө, 2024-жылдын 10-апрель куну аны Карим аттуу Ooган согушунун ардагери Райхан чайканасына ашка чакыргандыгын, ашта олтурган мезгилде Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешине талапкер Кубанычбеков Илимбек аттуу жаран өзүн тааныштырып, өзүнүн программалары менен тааныштырып, ооруканаларды ондоп беремин, жолдорду ондойбуз деп шайлап коюбузду суранды. Ошол жерден Карим аттуу Ooган согушунун ардареги Кубанычбеков Илимбекке батасын берип, ушул баланы шайлап берели деп сурангандыгын, ал жерден тарапк еткендерин. Чайканада 20дан ашык адам катышкандыгын, чайканада олтурган мезгилде, ашка акча топтошпогондугун, кийин Карим аттуу атуул милиция кызматкерлери сурапк алса, озубуздун акчабызга аш жедик деп айтып койгула деп сурангандыгын корсоткон.
Мындай жагдайда аталган №9 бир мандаттуу Кара-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешинин депутаттыгына талапкер Эргешов Толкун Турдукуловичтин арызы боюнча, Кара-Суу райондук Маданият бөлүмүнүн башчысы Акматов Керимбек Эркетаевичтин аракетинде кылмыштын курамы аныкталбагандыктан, кылмыш иш козгоодон баш тартууну мыйзамга ылайыктуу деп эсептеймин.
Себеби Кыргыз Республикасынын КЖПКнын 27-бер. 1-бөл. 2-п.на ылайык, жосунда кылмыш курамы болбогондо кылмыш иши козголушу мүмкүн эмес, ал эми козголгон иш кыскартылууга жатат деп көрсөтүлгөн.
Бирок, Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 65-беренесине ылайык, 1. Шайлоочу, байкоочу, талапкер же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү шарттарынын бузулушу, – жеке жактарга 75 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет. 3. Саясий партия же анын өкүлү, ишенимдүү адамы тарабынан жасалган ошол эле жосун, – жеке жактарга 200 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 650 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет деп көрсөтүлгөн.
Андыктан, Укук бузуулар жөнүндө кодексинин талаптарына ылайык, талапкер

Кубанычбеков Илимбек Кубанычбековичке чара көрүү маселесин чечүү үчүн токтомун көчүрмөсү, Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясына жиберилүүгө жатат.
Себеби Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексинин 455-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы, шайлоо комиссиялары ушул Кодекстин 60–62, 64–69-беренелеринде каралган укук бузуулар жөнүндө иштерди карайт жана жаза чараларды көрөт деп көрсөтүлгөн.

Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын ЖПКнын 36, 37, 153, 154 жана 27-беренесин 1-бөлүмүнүн 2-пунктун жетекчиликке алып / На основании вышеизложенного, руководствуясь требованиями статьи 36, 37, 153, 154 и 27 части 1 пункта 2 УПК Кыргызской Республики

## ТОКТОМ КЫЛДЫМ/ПОСТАНОВИЛ:

1. Кара-Суу РИИБдин МЭЖне 02-034-2024-001901 саны менен катталган материал боюнча кылмыш иш козгоодон баштартылсын.
2. Токтомдун көчүрмөсү №9 бир мандаттуу Кара-Суу шайлоо округунан Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешинин депутаттыгына талапкер Кубанычбеков Илимбек Кубанычбековичке карата Укук бузуулар кодексинин 455-беренесинин таалбына ылайык чара көрүү маселесин чечүү үчүн Кара-Суу аймактык шайлоо комиссиясына жиберилсин.
3. Токтом менен кызыккан тараптар тааныштырылып, укук милдеттери түшүндүрүлсүн.
4. Токтомдун бир нускасы көзөмөл иретинде Кара-Суу районунун прокуроруна жиберилсин.

Улук тергөөчү Асилбеков Эламан